DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Замирбек кызы А., Мадмуратова З.Г.*

# КЫРГЫЗ ЭЛ ПЕДАГОГИКАСЫНДАГЫ АДЕП-АХЛАК ТҮШҮНҮГҮНӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАШТАР

*Замирбек кызы А., Мадмуратова З.Г.*

# ВЗГЛЯДЫ НА КОНЦЕПЦИИ ЭТИКИ И НРАВСТВЕННОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКЕ

*Zamirbek kyzy Aizhan, Z.G. Madmuratova*

# VIEWS ON THE CONCEPTS OF ETHICS AND MORALITY IN KYRGYZ FOLK PEDAGOGY

*УДК: 372.9*

*Бул макалада заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандыруу максатындагы милдеттер боюнча кеңири сөз болот. Ошондой эле адептик түшүнүктөрдү калыптандырууда ал түшүнүктөрдүн төркүнүн калпыз түшүнүүнүн, жаңылыш колдонуунун алдын алып, адептик түшүнүктөрдүн маңызын так жана туура туюмдоого, башкача айтканда, адептик көз караштар терең талдоого алынган. Анткени аң сезимдүү түрдө өздөштүрүлгөн адептик элестер, түшүнүктөр көз караштар адептик аң сезимди жаратат. Адептик-этикалык маданиятты көп кылымдык элдик тажрыйбалар камтыйт жана көп кырдуу келет. Ошондуктан биз изилдөөбүздө меймандостукка, мекенчилдикке тарбиялоо түшүнүктөрүнүн мерчеминде «жер» менен «эл» түшүнүгүнө да өзгөчө басым жасалат. Балдарга үлгү, нуска болуу үчүн кыргыз элиндеги улууларды урматтоого байланышкан адептик эрежелер, педагогикалык маданияттын үлгүлөрү да чагылдырылды.*

***Негизги сөздөр:*** *ыйык жер, мекен, эл, ата-журт, таалим-тарбия, адептик көз караш, маданият, адамгерчилик, тарбия, жүрүм-турум.*

*В статье подробно рассматриваются задачи развития ценных морально-религиозных качеств и культурного поведения в соответствии со временем. Кроме того, при формировании моральных концепций ясно и правильно понимается сущность моральных концепций, то есть моральные взгляды глубоко анализируются, предотвращая непонимание и неправильное использование этих концепций. Это потому, что сознательно усваиваемые моральные представления, концепции и отношения создают моральное сознание. Морально-этическая культура включает многовековые народные обычаи и многогранна. Поэтому в нашем исследовании особое внимание уделяется понятиям «земля» и «люди» с точки зрения гостеприимства и патриотизма. Также были отражены этические нормы, связанные с уважением к старшим кыргызского народа, примеры педагогической культуры, отражающие пример детей.*

***Ключевые слова:*** *святая земля, родина, люди, образование, нравственность, культура, человечность, воспитание, поведение.*

*The article discusses in detail the tasks of developing valuable moral and religious qualities and cultural behavior in accordance with the time. In addition, when forming moral concepts, the essence of moral concepts is clearly and correctly understood, that is, moral views are deeply analyzed, preventing misunderstanding and misuse of these concepts. This is because consciously assimilated moral concepts, concepts, and attitudes create moral consciousness. Moral and ethical culture includes centuries-old folk customs and is multifaceted. Therefore, in our study, special attention is paid to the concepts of «land» and «people» in terms of hospitality and patriotism. Ethical standards related to respect for the elders of the Kyrgyz people, examples of pedagogical culture, reflecting the example of children, were also reflected.*

***Key words:*** *holy land, homeland, people, education, morality, culture, humanity, upbringing, behavior.*

Адеп тарбиясы – адамдын коомдогу моралдык аң-сезимин жашоодогу максатка жараша калыптандыруу, ызаттуу жүрүм-турум көнүмүштөрүн пайда кылуу, ошондой эле өз элинин үрп-адаттарынын прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоого, байытууга, башка улуттардын салтын урматтоого тарбиялоо. Адамдын эрки менен рухий байлыгынын шайкеш келиши адептүүлүккө жатат. Адеп тарбиясы эмгекке жана коомдук мүлккө туура мамиле жасоо, достукка, чынчылдыкка, адептүүлүккө жана ар ким өзүнүн жүрүм-турумуна сын көз менен кароого жана башка кемчиликтерин адилет сындоого үйрөтөт. Ал коомдук аң-сезимдин эң маанилүү формасы болуп саналат. Адам өмүр бою тарбияланып такшалат, ошентсе да, тарбиянын башаты, жүрүш-туруштун тигил же бул эрежелерине калыптануусу негизинен балалык, өспүрүм кезинен башталат. Мезгил өткөн сайын бул адат өркүндөп-өрчүй берет.

Ар бир коомдун өзүнүн социалдык түзүлүшүнө жараша адептүүлүк эрежелери болот. «Адеп» сөзү кыргыз тилине араб тилинен оошуп кирип, азыркы маани-маңызы жагынан кыргыз элиндеги адамдын адамгерчилик касиеттеринин көп жактуу компоненттерин бир түйүнгө бириктирген түшүнүк катары кабылданып калган. Ушундан улам кыргыз тилинде адеп түшүнүгүн туюндурган төл лексикалык бирдиктер болгонбу? - деген мыйзамченемдүү суроо туулбай койбойт. Арийне, терминдердин тегин териштирүү өз алдынча атайын изилдөөнү талап кылат. Биз каралып жаткан маселенин үстүнө ачык калкып чыккан айрым жагдайларга гана учкай токтолобуз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыздарда адептүүлүктүн синоними катары «нарктуулук», «нарктуу» сөзү да кеңири колдонулат. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү боюнча «нарктуу адам» - баалуу, нускалуу адам дегенди туюнтат.

Кыргыз элинин азыркы таалим-тарбия практикасында адеп, ыйман түшүнүктөрү туруктуу орун таап, төл сөзгө айланып калгандыктан бул кубулуштарды чечмелөөдө дал ушул терминдерди негиз кылып алуубуз шарт.

«Кыргыз тилиндеги арабизмдер» (Б., 1998-ж.) сөздүгү боюнча «адеп» түшүнүгү арабча дагы «аддаба-адабият, тарбия» деген сөздөр менен тектеш. Негизинен «жакшылыкка чакыруу» жана «тартиптүү болуу», «илериңки болуу» деген сөздөр маанилерди түшүндүрөт [1, 23-б.]. Араб-ислам дүйнөсүндө «адаб» сөзү ыймандык дидактикалык мазмундагы чыгармалардын жанрдык тармагын өнүктүрүүнү парыз туткандарды «адиб» деп аташкан. «Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгүндө» (Б., 2002-ж.) «адепти көсүш» деген түшүнүк берилип, ал: «адамды туура жана жаңылыш адептик түшүнүктөрдү айырмалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуучу жана анын жорук-жосунун өрнөктүү абалга алып келүүчү өнүгүү» катары аныкталган [2, 4-б.].

Х.Карасаевдин «Накыл сөздөр» аттуу китебинде адеп-жүрүм, жүрүм-турум, сылыктык деп берилет. Ал эми адеп-ахлак, жүрүм-турум, кулк-мүнөз дегенди билдирет [3, 28-б.]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «адеп» - ызааттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык деп берилет. Адептүү – адеп сактай билген, тарбиялуу, адеби бар, сый-сыпаттуу, өзүн-өзү кармай билген деген маанини берет. Ал эми адепсиздик – адеби жоктук, башкаларды ызат кылбагандык деп түшүндүрүлөт. Чындыгында, «адеп» түпкүлүгүндө коомдо түптөлгөн тартип эреже-талаптарынын, ыйман нормаларынын, баалуулуктардын чегин айкындоочу түшүнүк. Адеп жана ыйман түшүнүктөрү тектеш болгону менен арасындагы айырмачылыкты сөссүз эске алуу абзел. Адамдын адептүүлүгү анын акыл парасаты жүрүм-туруму, башкаларга жасаган кишилик мамилеси аркылуу ачыкка чыкса, ыйманынын жан дүйнөсү, ишеним, ынанымдарын мүнөздөйт. Адеп, ыйман-адамдын адамча жашоо мыйзамы адам болуу билими. Адептүүлүк, ыймандуулук – күн-түн бою адамдардын жүрүм-турумун тескеп жаман жоруктан сактап туруучу матрица. Адамдын денесин ысык-сууктан кийим коргоп турса, ал эми ыйман жан дүйнөсүн ыплас нерселердин таасиринен коргоп турат. Адамдын адептүү, ыймандуулугу-бул жашоодо тикендүү талаада бутту кандай сактап басса, жашоодо жаман жорук жасап коюудан ошондой этият жана аяр болуусунан өзүн эл арасында да эч ким көрбөгөн жерде да, өзүнүн жорук жосунун бирдей тутуусунан, туура ойлор, ойлогонуңдай сүйлөө, сүйлөгөнүңдөй жашоосунан көрүнөт. Адептүүлүк нормаларды адамдардын кыйшаюсуз сактоосун көзөмөлгө алуучу эң күчтүү каражат-коомдук пикир, элдин назары.

Кыргыз эли өзүнүн сан кылымдык тарыхында ушундай адеп жөнүндө байланыштуу не бир көз кайкыган сонун үлгүлөрдү жаратып, сактап, өнүктүрүп-өрчүтүп, укумдан-тукумга калтырып келген.

Эл тарбиясы-кыргыз адеп маданиятындагы эң бийик руханий – маданий дөөлөт. Эл уулу, эл кызы болуу, элдик адам наамына көнүү-адам жашоосунун маңызын аныктаган эң башкы асылдыктардын бири. Анда элдин албан акыл-ою, дүйнө таанымы, максат-мүдөөсү толук чагылып, таалим-тарбиялык маданиятынын улуттук модели таасын иштелип чыккан.

Этнопедагогикалык изилдөөлөр элдик тарбиянын баа жеткис мүмкүнчүлүгүн жана ички күч-кубатын улам айкын далилдөөдө. Элдин адеп маданиятын жайылтуу акын-ырчылар, уста-уздар, саяпкер-мүнүшкөрлөр сыяктуу өнөр адамдарынын энчисине тийген. Адептик дөөлөттөрдү кеңири жайылтууда элдик жыйындардын, той-топурлардын, турмуштук ар түрдүү жөрөлгөлөрдүн ролу өтө зор болгон.

Кыргыз эл педагогикасында балдарды жаштайынан адепке үйрөтүүнүн маанисин актуалдаштырган накыл сөздөр арбын. «Адам көркү – адеп», «Адеби жоктун аты-жөнүн сураба», «Адептүү – алкыш алат, адепсиз-каргыш алат», «Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт» деген макалдарда таалим-тарбиянын бул багыты адамдын адам болмогунун негизи катары каралат.

Бардык элдер сыяктуу эле адептик-этикалык маданияты көп кылымдык рухий практикалык тажрыйбаларды камтыйт жана көп кырдуу келет. Алар өз ичине балдарды меймандостукка, мекенчилдикке, улууларды урматтоо, жакшы ниет тилекте болуу, кичи пейилдик, боорукерлик, жөнөкөйлүк, ынтымакырашкерлик, жоомарттык, толеранттуулук, адилеттүүлүк, уяттуулук сыяктуу сапаттарга тарбиялоо баалуулуктарды камтыйт.

Кыргыз элдик педагогика маданиятында акыл ой жана тажрыйбалардын өзөктүүсү – бул жер жана мекенди сүйүүгө жана коргоого тарбиялоо. Мекенчилдик – эң оболу жан-дүйнөнүн, рухтун абалы. «Мекен» түшүнүгү кыргыздарда аталардын жери, «Киндик кесип, туулуп-өскөн жер, эл журт катары каралат. Бул тууралуу « Манас» эпосунун саптарында «Киндик кесип, кир жууган артта калды жерибиз» (С.Каралаев) [4] - деп айтылат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыз элинин мекенчилдикке тарбиялоо түшүнүктөрүнүн мерчеминде «жер» менен катар «эл» түшүнүгүнө да өзгөчө басым жасалат.

Жеңижок акын элчил адам гана эстүү, алдуу, кубаттуу болоорун белгилейт:

Эстүү киши элимдейт,
Эл жактаган жеңилдейт.

Акын Арстанбек жеке адам, мейли ал кандай гана кубаттуу бийлик жана байлык ээси болбосун, эл менен ымаласы аркылуу гана адам коомунан татыктуу орун таба алат деген осуят калтырат:

«Кайратың тоону бузса да
Кашыгың көлдү сүзсө да
Оозуңдан чыккан сөзүңө
Зоо ууланып, учса да
Эл менен сен адамсың
Элден чыксаң жамансың [5, 130-б.].

Бул термеде Арстанбек элден чыгууну кийикке теңеп айтканынын өзүнчө бир сыр мааниси бар. Салттык түшүнүктө «кийик» – «жапайы адам» символу.

Өз наристесинин калк кадырына ээ болгон легендарлуу же реалдуу адамдардай болушу жөнүндөгү ниет каалоолор бата салтында, бешик ырларда да кездешет.

Манастай билектүү бол
Каныкейдей тилектүү бол.
Алмамбеттей улуу бол.
Аруукедей сулуу бол [6, 15-б.].

Кыргыз элдик педагогикасында жаш муундарда ак пейилдүүлүктүн бийик өрнөгү катары улууларды урматтоо үйрөтүүгө өзгөчө маани берилген. Бул жаштардын адеп нарктуулугунун жакшы таалим тарбия алгандыгын эң негизги натыйжасы катары каралган. Кыргыз карыялары ар дайым акыл нускасы менен жашоо турмуштун бакубаттуулугун толуктап турган кут катары бааланган: «Карысы бардын-ырысы бар», «Жаштын кайраты бар, карынын айбаты бар», «Жаш күчү менен, кары кеңеши менен», «Кары келсе-ашка, жаш келсе-ишке», «Улууну урматта, кичүүнү ызаатта», «Кары билет кааданы, карчыга алат саноону» - деген макалдарда эл ичинде улууларга урмат менен мамиле кылуунун эреже салттары айтылып, жаш муундардан бекем талап кылынган [7, 15-б.].

Ошентип байыркы бабалардын турмуш практикасынан жаралган каада-салттар, үрп-адаттар эчен муундардын акыл элегинен өтүп улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланган. Кыргыз макалдарынан баштап эпосторго чейин жаштарды жамандык жасаган адамга да жакшылык менен жооп берүүгө тарбиялоо ошол нук менен калк арасында кең пейилдиктин чектерин кеңейтүү идеялары бекемделип келгендиги менен өзгөчөлөнөт.

**Адабияттар:**


1. Иптаров С. Кыргыздын жан-дүйнөсү. (Этнолингвопедагогикалык илик). - Б., 2012.
2. Алимбеков А. Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгү. / Алимбеков А., Комлексиз М., Челикбай А. - Б., 2002.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасына баян. - Ф.: Кыргызстан 1982.
4. Манас: С. Каралаевдин вариантында. - Ф.: Кыргызстан, 1984.
5. Ыйман жарчылары. - Б., 2017.
6. Жусупов К., Өмүралиев Ч. Ак бата. Колдонмо. - Б., 2003.
7. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы. - Б., 2018.
8. Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч. Организация и проведение этнопедагогической практики в подготовке педагогических кадров. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 48-51